# «АБШЫР-АТАДАГЫ ЖЕР СУУЛАРДЫН АТАЛЫШ ТАРЫХЫ».

**Жакыпова Гулзат Токторовна**
*БатМУнун М. М. Тайиров атындагы КГПИ.*

Ачкыч сөздөр: шаркыратма, карст, хурхиз,чилликана, үңкүр, мискен, шыпаа булак, күмбөз, зыярат, куран, жайлоо, булак башы, капчыгай, булак мазар, сөөк мазар, жошо(топурак), айырмач, секи, кыян-сел, эндемик, кырка, чөлкөм, ж.б

Ар бир адам өзүнүн туулуп-өскөн жери менен сыймыктанып гана тим болбостон, анын тарыхын билип, муундан муунга айтып, кызыктырып, эли-жерине болгон сүйүү менен жашашы керек. Көпчүлүк адамдар бул жерлердин жана суулардын аталыш тарыхына, анча маани берише бербейт. Кээ бир аксакалдар гана айтып беришпесе, жаштардын көбү да бул тууралуу кызыкпаган сыяктуу. Андыктан тарыхты билип, кийинки муундарга айтып эли-жерге болгон сезимдерди ойготуп, сүйүү, кам көрүү сезимдерин ойготуп, табиятты сактоого жана баалоого, улуттук аң –сезимди чыңдоого тарбиялашыбыз зарыл. Бул тема мени көптөн бери кызыктырып, бирок маалыматтын аздыгы, адабияттарда жоктугу жана адамдардын оозунан уккандарым мени ойлонууга мажбур кылды.

Абшыр-Атанын табияттынын керемети, флорасынын коздугу, касиеттүү суусу көргөн көздүн жоосун алып, сугун артырып, таң калтырбай койбойт. Апшыр-бул, фарси тилинен которгондо «об»-суу, «шур» -сүт, деген маанини билдирет. Бул жерде агып жаткан суу сүттү элестетет, анын курамында сүттүн элементтери бар экени аныкталган.

Макалада Ош облусунун, Ноокат районундагы, Абшыр-Ата капчыгайынын жер- суулардын аталыш тарыхы жөнүндө айтылат. Бул жерде табышмактуу шаркыратмасы, булактары, кооз тоолору, тунук суулары, дары өсүмдүктөрү кимди гана өзүнө тартпайт..

Суунун башы капчыгай деп аталат, бул жерден дарыя башталып, ак кар менен көк муз эрип агат. Мурда бул жерде геологдор жашап, изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. «Кош жүрөк» деп аталган жер эки тараптан агып келген суунун урматына аталган. «Көк дөбө» жайлоосу малчылардын жайлоосу болгон, бул жерде кыргуялардын уялары болгондуктан «Кыргуя» деп аталган. Бул жерде дарылык касиети бар булагы, ичеги карын ооруларына даба болгон. Бул жерде агып жаткан кызыл суу айрыкча ашказан үчүн шыпаа деп эсептелет.

Бир жолу Ботобек аттуу жигит менен Маларам аттуу кыз бири-бирин сүйүп калышып, суунун жээгинде жолугушкан. Ата-энелери үйлөнүү тоюн өткөрүүнү чечишкен, бирок кыз күтүүсүздөн каза болуп калган. Эртеси күнү Ботобек кыздын септерин жайлоого жайып, ошол жер «Сеп жаяр» деп аталып калган, бүгүнкү күндө ал жер түркүн түстөгү гүлдөр менен коздолгон.

Жаштар жолуккан жерде агып жаткан суу, күндүз агып, түнкүсүн токтоп калышы, бул баарына сыйкырдуу табышмактай сезилет.

«История названий земель и вод Апшыр-Аты».

Жакыпова Гулзат Токторовна.

БатМУ М. М. КГПИ имени Тайирова.

Ключевые слова: водопад, карст, хурхиз, чилликана, пещера, целебный источник, купол, паломничество, коран, пастбище, исток, ущелье, родниковая могила, костная могила, почва, перепад, секи, наводнение, хребет, регион и т. д.

Каждому человеку необходимо не только гордиться местом своего рождения и воспитания, но и знать его историю, рассказывать ее из поколения в поколение, интересоваться ею и жить с любовью к своему народу. Большинство людей не знает историю названия этих земель и вод.

Если вы спросите стариков, то большинство из них, похоже, тоже не интересовались этим. Вот почему необходимо знать историю и рассказывать, учить и объяснять ее следующим поколениям.

Эта тема меня давно интересовала, но недостаток информации, отсутствие ее в литературе и то, что я слышал из уст людей, заставляло меня задуматься. Мне хотелось рассказать об Абшыре, священном месте недалеко от моего села, с детства окруженном красотой, чудесными свойствами природы. «Шыр» означает молоко в переводе с фарси.

Молочная вода, изучено содержание молока в воде. Я расскажу об истории названия земель и вод в ущелье Абшир-Ата Ноокатского района Ошской области, где есть загадочный водопад, родники, горы, воды и растения.

Верх воды называется ущельем, и отсюда начинается река, начинается таяние белого снега и голубого льда.

Место, где раньше жили и проводили исследования геологи. Двойное сердце названо в честь воды, идущей с двух сторон.

Пастбище Голубого холма. Кыргуя – скотоводы, зарабатывавшие на жизнь животноводством. Оно было названо из-за гнезд Кыргыя. Там был источник медицины и нашли лекарство от кишечных заболеваний. Там течет красная вода, которая считается целебной, особенно для желудка.

Однажды сын Ботобека и дочь Маларама полюбили друг друга и встретились у кромки воды. Родители решили сыграть свадьбу, но дочь внезапно скончалась.

На следующий день Ботобек приданое дочери разложил на лугу, и после этого оно стало называться приданым жайлоо, и сегодня оно расписано яркими цветами. Всех удивляет вода на месте встречи молодых, которая течет днем и останавливается ночью.

## «THE HISTORY OF THE NAME OF THE LANDS, WATERS IN APSHYR-ATA»

**Zhakypova Gulzat Toktorovna**

*KGPI BatMU named after M. M. Taiirov*

**Keywords:** *waterfall, karst, khurkhiz, chillikana, cave, misken, shypaa bulak, mausoleum, cemetery, quran, jailoo, spring head, Kapchygai, spring mazar, bone mazar, josho (soil), difference, seki, kiyan-sel, endemic, ridge, region, etc.*

Every person should not only be proud of his homeland, people, village, but also should know its history, tell it from generation to generation, be interested in, love his people's land. In particular, many people do not know the reasons why these waters got their names.

Even if you ask most older people, it seems they were not interested in the names of the waters as well. However, if some good listeners say what they hear, what they see, and it looks like a fairy tale.

Therefore, knowing the history, it is necessary to carry out explanatory work, telling and teaching subsequent generations. This article has interested me for a long time, but the scarcity of information, its absence in the literature, words said by other people makes me think.

Therefore, I would like to talk about the sacred place closest to my village, which since childhood has always amazed with its beauty, wonders, nature, has its own interesting history, depending on the nature, geographical conditions, and features. The word “Apshyr” in Persian, "ob" means “water”, and "shir" means milk. Milk water was studied for the presence of milk in the composition of the water.

If we talk about the history of the names of lands and waters in the Nookat district of Osh region, in the southern part of which there is a mysterious waterfall, then there is a name in the area of Apshyr-Ata, characterized by springs, mountains, streams, endemic plants.

The source is in the canyon, the beginning of the river begins where the white snow and blue ice melt. This is a place where geologists once lived and conducted research. Kosh Jurok is the name given due to the fact that water comes from two sides. Kok Dobo is a pasture. Kyrguia-cattle breeders who earned their living by cattle breeding.

It became known as the Kyrguia because there were nests of wild animals there. There they found a source of medicines and a cure for gastrointestinal diseases. The owner of the Dary Bulak is a yellow girl, and there is red water flowing there. It is said that a yellow girl once lived here, locked away from invaders and not noticed by the smoke from the campfire.

This red water is medicine for the stomach. Sep Jaidi is located above Jaidi Kapali. Once Botobek's son and Malaram's daughter were in love and constantly met by the water, but in the end the parents agreed, and tomorrow, on the wedding day, Botobek's daughter dies. The next day, Botobek took out the dowry of his daughter and spread it out, after that it was named Jaidi, and today Jaidi is painted with colorful flowers.

And the fact that the water at the meeting place of a girl and a guy stops in the evening and flows during the day surprises everyone. Kyz Korgon is a place where girls

are locked up by the rich, by the Beks. Bala Bailar is a place where young children are tied up for milking the cows,

Абшыр-Ата аймагынын жер-суу аталыштарынын тарыхый актуалдуулугу анын маданий, тарыхый жана руханий маанисинде. Бул аймактын аталышы жана ага байланыштуу уламыштар жергиликтүү элдин дүйнө таанымын, табият менен болгон өз ара мамилесин жана руханий баалуулуктарын чагылдырат. Апшыр-Ата ыйык жер катары белгилүү. Эл арасында бул жердин ыйыктыгы жана табышмактуу окуялары тууралуу уламыштар айтылып келет. Абшыр-Атанын тарыхый жана маданийлүүлүгү анын ыйык жер катары таанылышында, табигый кереметтеринде жана эл арасындагы уламыштарында. Бул жерди изилдөө жана анын тарыхын муундан муунга өткөрүү кыргыз элинин руханий мурасын сактоого жана өнүктүрүүгө чоң салым кошот.

Адам баласы өзүнүн туулуп өскөн жери, эли, айылы менен мактанып, сыймыктанып эле калбастан анын тарыхын билип, муундан муунга айтып, кызыктырып, эли-жерин сүйүп жашаганга тарбияланиуусу зарыл. Айрыкча ошол жер суулардын аталып калыш себептерин көпчүлүк адамдар кызыкктар эместей. Көпчүлүк аксакалдардан, токой чарбачылыгында иштеп жаткандардан сурап, издеп жатып, жер суу аталыштарын аныктап тактап алдым. Андыктан тарыхты билүү менен кийинки урпактарга айтып, үйрөтүп түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аркылуу жаштарга табигый жергебизге болгон мамилелерин, сүйүү, кам көрүү сезимдерин ойготуп, табиятты сактоого жана баалоого, улуттук аң –сезимди чыңдоого тарбиялашыбыз зарыл. Бул макала көптөн бери мени кызыктырып, бирок маалыматтын аздыгы, адабияттарда жоктугу, эл оозунан уккан нерселер мени ойлондуруп келди. Андыктан айылыма жакын, балалык кезден ар дайым табияттынын кооздугу, керемети, касиети менен өзгөчө сыпатына, географиялык шартына, өзгөчөлүгүнө жараша өзүнчө кызыктуу тарыхы бар, мени өзүнө тарткан, Түштүк чөлкөмдөгү Ош областына караштуу Ноокат районунун, табышмактуу болгон шаркыратмасы бар, булактары, тоолору, суулары, эндемик өсүмдүктөрү менен өзгөчөлөнгөн Абшыр-Ата жериндеги жер суулардын аталыш тарыхы жөнүндө болмокчу.

Анда эмесе, Абшыр-бул фарс тилинен «об»-суу, «шур»-сүт, кыргызча сүт суу деген маанини түшүндүрөт.«Апшыр» деген сөз тажик тилинен которгондо «сүт булагы» дегенди билдирет. Шаркыратманын суусу ак түстө болуп, сүттү элестетет, бул анын аталышынын келип чыгышын түшүндүрөт

Абшыр-Ата диний тарыхтарда Ыдырыс пайгамбар заманыга барып такалат. Илгери Нух пайгамбарыбыз жан-жаныбар, адамдарды суудан куткарып чыгарган мезгилде элде ачарчылык болуп, кыйналган эл Ыдырыс пайгамбардан суранышат экен-«Сен пайгамбар болсоң, Алладан сурап берчи- ачарчылыктан кантип кутулабыз»- деп, ошондо Ыдырыс пайгамбар ушу эки тоонун ортосундагы бийик ташты мискени менен урганда ал жерден сүт чыгып эл, ошол сүттү ичип ачарчылыктан аман калышкан дешет. Жылдар өтүп токчулук болуп, дарыядагы сууга бир аял кичинекей баласын булганган шымдарын жууп

жатканын көрүп калган, Ыдырыс пайгамбарыбыз, Аллага- бул пендем сүттү кадырлабады- деп, хурхиз үңкүрдүн ичине кирип жок болуп кеткендигин айтышат. Ошондон кийин сүт, суугa айланган деген сөз да бар. Бирок азыр дагы суунун составында сүт бар экени белгилүү болгон. Абшыр-Ата капчыгайы, биринчи кезекте 15 метрлик ошол шаркыратмасы менен белгилүү, ал таштын ичинде жайгашкан кичинекей карст үңкүрүнөн агып чыгат. Шаркыратманын өзү жана ал жайгашкан капчыгай Ош облусунун эл зыярат кылып көп барган кооз жерлеринин бири. Байыртадан эле бул шаркыратма ыйык жер деп эсептелчү. Айрым өзгөчөлүгүнөн улам Кыргызстандын аймагында аскадан түз агып чыккан шаркыратмалар дээрлик жок, Апшыр- Атадан башка. Бул жарым-жартылай негиздүү, анткени Абшыр шаркыратмасынын суусу минералдарга бай жана ден соолукту чыңдоого, өмүрдү узартууга таасири чоң. Апшырда туулуп, жашап, суусун ичип, жуунуп, чекенде өсүмдүгүнө буту, колу ооругандар парлап, мал менен тиричилик кылып, ак(кымыз) ичип, дарыя бойлоп чычырканак, карагат жеп, тоо ташка онтобой чыгып түшкөн, акылы бүтүн, көзү өткүр, көп жашаган 90-100-жашка чыккан адамдар буга күбө боло алат. Алар Кабылов Курбан аксакал 96-жаш, Абдырахманов Карыбек Балбан 103-жаш, Абдрахманов Кыздаркан (Карыбек балбандын зайыбы) 93-жаш, Имаралиев Токтосун(карышкыр аткан мерген)96-жаш, Кармышаков Орунбай ажы 90-жаш, Токурова Кыздаркан 85-жаш ж.б.

Абшыр-Сай дарыясынын кооз өрөөнүндө жайгашкан, шаркыратманын өзү деңиз деңгээлинен 1500-2500 метр бийиктиктен орун алган. Андагы үңкүрдөн атылып чыккан муздак суу ар тарапка чачырап турат. Зыярат кылып келген адамдарды Алла өзү, ушул суугa учуктап, дем салат дешип, таш үстүндө туруп, элдер учуктанышат жана жеңил болуп калганын айтышат. Баш ооруган, жүрөк түшкөнгө шыпаа дешет.

Абшыр-Ата ыйык жер болгондуктан олуя дербиштер мекендешип көзү өткөндө ошол жерге сөөктөрү коюлган. Буга Апшыр-Ата турбазанын ичиндеги Бекмат уулу Ысманали (1830-1910) эшан, калпа аалымдын күмбөзү күбө. Андан тышкары эски мазарлар, Төөлөс жана Айтамга элинин ошол жерлерде жашап, революциядан кийин тоо таштан көчүп түшкөнү жөнүндө элдер айтып эле жүрүшөт (ошол адамдардан жашагандары бар бүгүнкү күндө).

Абшыр-Атага барганда сол тарапта Мирчилак Азиз деген олуянын кабыры бар болчу. Мурда Самарканд Бухара шаарларындагы кабырлар сымал курулган эле. Заман өтүп ал кабырлар бузулуп, талкаланып, кээ бири кайра жаңыланган.

Шаркыратмага жетпей сол жак дөңдө Уркия Салиеванын күмбөзү да жаңыланган. Уркия Салиева алгачкы комсомол Тактек(азыркы Беш-Буркан) айылынын кызы болуп,1928-жылы Муркут (азыркы Төөлөс) айыл кеңешинин төрайымы, (Фергана өрөөнүнөн чыккан айым) биринчи райис болуп турган. (1934-ж Кыргыз АССР БАКнын мүчөсү) ошол Апшыр -Ата таза (ичилүүчү) сууну элге жеткирүү максатында бай-манаптар тарабынан кол салынып, түн жамынган каракчылар Уркияны жана күйөөсүн ошол жерде 23-жашында муздап кетишкен.

Аны ошол жерге күйөөсү менен коюлгандыктан, үйү бүгүнкү күндө күмбөз болуп оңдолгон. Абшырда мындан башка да зыярат кылчу жерлер көп. Ошондуктан Абшырга барууда дем алууга эмес, зыярат кылуу ниетте баруу керек.

Шаркыратмага жетпей чоң шайтан таш бар. Илгери шайтан күч алган кезде элдер шайтанды таш бараан кылып кууп келген кезде, ошол чоң таштын үстүнө шайтан чыга калып, жок болуп кеткендиги тууралуу айтышат. Ошодон бери зыярат кылып барган эл, ал ташка шайтан азгырбасын деп таш ыргытышат.

Шаркыратманын астында оң жагында 6-булак бар. Анын 6-касиети (кысылаты) бар. Ар бир булактан бири- бирине составы боюнча окшошпогон суу чыгып(туздуу, шекерлүү, даамдуу, даамсыз, жылуу, муздак) айланасында бири-бирине окшобогон балырлар болгон. Кийинчерээк ал жерге тегиздеп боз үй салышып, азыр экөө калган. Шаркыратманын астында соко булак бар. Мурда сокосу да бар болгон дешет. Илгери иши жүрбөгөндөр (мүшкүлү асан болсун деп) тыйын салып булак ичине, тилек айтышкан. Эгеде түбүнө кол жетип же тыйын алса баласыздар, балалуу болушат, үйлөнбөгөндөр үйлөнөт дешип, мунун чын жалганы так эмес, бирок эл оозунда ушундай айтылып жүрөт.

Шаркыратманын оң жагында 30-40 метр жогоруда шыпаа булак бар. Илгери аны котур булак дешип, жуунушуп, ичип шыпаа табышкандан, азыр аны шыпаа булак дешет. Кышын жайын суусу тунук, минералдарга бай, ар кандай тери оорууларына шыпаалык касиети жогору, ичеги ооруларына дабаа, жеңил суу. Тээ Узбекстан, Таджикстан, Алай, Совет, Өзгөндөн бери элдер келип шыпаа тилеп, зыярат кылып кетишет.

Ал эми хурхиз үңкүрүнүн да касиети чоң. Илгери эки тоонун ортосу кең болуп, ошол үңкүр менен Меккеге бир адам барып келген дешет. Жакынкы эле жылдарда ал үңкүрдү кафе кылабыз деп кеңейтип, жардырып оңдоп жаткан мезгилде ошол адамдардан 2-киши өтүп кетет. Ошондон кийин бул жер ыйык касиетүү жер экен деп зыярат кылып, дуба окулуучу жайга айланган (быйылкы табияттын кырсыгы дагы бир жолу ошол тосулган жерлерди сел алып, мурунку абалына келтирип койду).

Абшыр -Ата ээси бойго жеткен кыз бала деп айтышат. Көпчүлүк адамдарга Абшырда кыз бала көрүнгөндүгү боюнча Абшыр -Ата тарыхында далилдер менен жазылып калган. Андан дагы 2-3км жүрсөң, кичи шаркыратма суусу, чоң шаркыратмага караганда аз жана кичине болгондуктан кичине шаркыратма аталып калган.

Абшыр-Ата шаркыратмасынан өткөн жерде сол жак күнгөйдө дубана терек деп, терек зарлар бар. 2010-жылы дубана теректен бир Кеңештик аксакал жайлоодон кайтып жатып үйүнө, 1-машина терек, отун алып барганда, күндө(Кеңеш айлында) кеч кирди үйүнө таш ыргытылып, үйдөгү буюмдар чачылып кала бергенден, молдолорду чакырып дуа окуса да болбой, акыры калган бардык отунду жүктөп келип, куран окуп, отундарды таштап кетип анан кутулганын эл билет.

Абшыр-Ата  шаркыратмасынан өткөндөн кийин Бөру көрбөс деген жер бар, ал тоолордун, аска адырлардын арасында, бийик, жаратылышы кооз, мал чарбачылыкка ылайыктуу жайлоо.

Ал жерде анча мынча бөрү мал жанды көрбөй калгандан жана кышында элдер жайлоодон кайтып тапай калган малдарды кийинки жылы барса отоп жүргөн жерлерде көрүп, ошондон аталып калган.

Карагат-жапайы карагаттар көп, ошондуктан карагат аталып калган. Таркол-күнгө бет, узун мурун менен чыгып барат.

Даңги 2км жер. «Данги»-кыргыз тилинде «өлүп калган» же «өлүү» дегенди билдирет. Жол тар. Бир жагы тоо, экинчи жагы жар, суу. Өлүм көп учурагандан аталып калса керек дешет.

Бак арча-арчалар көп жер, ал жерде Заравшан, түркүстан, жарым шар, жапалак деген төрт түрдүү арчалар бар. Бирок  адамдарга бир түрдөгү арчадай көрүнөт.

Айрым ботаниктер, токой чарбасында иштеген айрым жумушчулар гана аны ажыратыша алышат.

Тогуз арча, бир эле жерден тогуз бирдей(тамыры бир) арча өсүп чыккан ошондуктан тогуз арча дешет.

Сөөк мазар- илгери Төөлөс, Нарай элинин,  кабырлары болгондуктан сөөк мазар дешип калган.

Жыланды сай- ким эле болсо ошол жерден жылан көргөнүн айтип, жыланды сай аталып калган. Жаратылышы кооз, дайым жап-жашыл болуп турат.

Такия таш- жайлоодон кайткан  бир аалымдын баш кийими калып кеткенден десе, кээ бири  жок ошол жердеги таш такияга окшош дешет. Бийик тоолуу жер.

Жору бийик тоолуу чоку.

Ал жерде жорулар, кузгундар айланып учуп келип тоонун үстүнөн айланып калчу экен.

Саз булак-бул жерде көп  булактар жер астынан чыгып дарыяга кошулгандан улам жана саздуу жерлер көп, ошондон  аталган.  Жайыттары да саздак, суу сыркып дайым агып турат.

Чымкент-чым жер. Эл чымдан чаап үйдүн дубалын жана  коргон тосушкан.

Кыз коргон-бул жерде илгери бай манаптар келе жаткан кезде момун эл, кыздарын байлардан, бектерден, алып кетип калбасын деп  бекитип, коргон ичине жашырышчу  жер.

Көл- көчкү жүрүп даряны бөгөп тосуп калгандан улам, майда булактар кошулуп олтуруп Көлдү пайда кылган.  Ал кышында кургап, жаз алдында  мөңгү, карлардын ээришинен кайрадан дарыяда  суу пайда болуп  көлгө топтолуп, көл пайда болуп калат.

Чочко -доңуз, тоодон ач кабандар түшүп, тамак издөөчү жер. Бүгүнкү күндө адамдар ал жерде дагы эле жапайы доңуздарды көргөнүн айтып жүрүшөт.

Жан булак-тоо этектеп жалгыз булак бардыгынан аташып калган.

Ак таш же ак саамай- мал жандуу калк, сүт, айран, курут, кымыз кылышып сатып тирилик кылгандан аталган, жайыттуу, кең жер.

Кыргыя- кырлуу, жарлуу «кыртыш» бузулган жер.

Көк дөбө- бир канчалаган булактардын кошулушунан, жашыл мейкин дөбөчөлөр болуп, табияты кооз, ландшафттары менен таанымал жер(Көк дөбөдө алтын бар д сөз бар)

Капчыгай – Абшырдын тоолорунун капталдары тик, кууш, терең, тоо тектүү, айрым жерлерди суу жеп, айрым жерлери жарака болгондон аталса керек.

Бала байлар- тоонун кыры болгондуктан. Дарыя суусунан, аялдар жаш балдарды коопсуздуктардан сакташ үчүн балдарды жип, аркан менен байлап коюп энелер иш кылчу экен.

Суу башы көлдөн суу сыркып кирип, кайра жок болуп кетет да кайра башталат.

Суудун башы, эки жүрөк деп аталып эки тоодон келип кошулган булак суулары дейбизби же мөңгү сууларыбы, ошентип Апшыр –Ата дарыясы Булак башыдан башталат.

Заман өтүшү менен Абшырдын ыйыктыгы урматы кетип адамдар зыярат кылганы эмес, калктын отурукташуусу жана жеке менчикке айлантып тосуп алышы, дем алууга барып эс алып кайткандар, ичип, талкалап, тебелеп тепсеп, өрттөп, жаратылыштын флора жана фаунасына чоң зыян келтирүүсү көз көрүнө байкала баштабадыбы.

Дем алганы барган бирок акылы жетпеген адамдар, булгап, таштандылар таштап, табияттын сулуулугун кетирип жатышканы өкүнүчтүү. Ошол жердеги олуя эшандарды зыярат кылуу Куран окуу парз жана карыз го. Ата бабаларыбыз Абшырга атайын зыярат кылышып, куран окушуп, кан чыгарышып, кабырларды тазалап жылда түлөө өткөрүшүп, оңдоп түзөп келишет болчу.

Диний тарыхтарды унутуп урмат сыйы кетип тебеленди болгондо Алланын каары келип эскертүү иретинде жер асмандан кырсыктар берүүсү муундан муунга айтылып, тарых китептерде жазылып келген. Жараткан күбө, жумалап жааган жамгырда да, же нөшөрлөгөн жамгырда да, кыян жүрбөгөн Апшырда быйыл көз ирмем ичиндеги (20-июнь,2024-ж) жамгырдан сел жүрүп, канчалаган чыгым, адам өмүрлөрү кыйылды.

Андыктан мусулмандарды жер асмандан келүүчү кырсыктардан алдын ала сактанышып, кудайы өткөрүшүп, жаштардын ыйманга бекем болусун каалап дуа кылышкан.Биз мусулман калкы өткөн тарыхты сыйлайлы.

Ата бабаларыбыздын жолун улантып азиз авлиялардын урматын кылып ыйык жерлерге барганда акылыбыз менен болуп, зыярат шарттарына амал кылып, дуба кылганды унутпайлы.

**АДАБИЯТТАР:**

1. Сапарбеков К. «Кыргыз совет энциклопедиясы» Фрунзе. 1976-80-жж.

2. Кыргыз Совет энциклопедиясы 1970-ж

3. Даовлатова Ф. М. «Кыргызстандын түштүгүндөгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы» -Ош. 2017-ж

4. Интернет булактары.

5. Эл оозунан.